**Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын мэриясынын жана Ош мамлекеттик университетинин ортосунда эки тараптуу кызматташтык мамилелерди бекемдөө жөнүндөгү**

# МЕМОРАНДУМ

Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын мэриясы жана Ош мамлекеттик университети, мындан ары «Тараптар» деп аталып, Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын жетекчиликке алып, тен укуктуулук жана өз ара пайдалуу принциптеринин негизинде социалдык тармактагы долбоорлорду ишке ашыруудагы кызматташтыгын өнүктүрүү, маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен бөлүшүү, санариптик инфратүзүмдөрдү пайдалануу менен кадр даярдоодо Ош шаарынын мэриясынын жана Ош мамлекеттик университетинин кызыкчылыктары дал келип, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүнө жана туруктуу өнүгүүсүнө түрткү бергендигин түшүнүп, төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

**1.** Ушул Меморандум аркылуу Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын мэриясы жана Ош мамлекеттик университетинин ортосунда эки тараптуу кызматташууну күчөтүү.

Тараптар эки жакка тең пайдалуу кызыкчылыктарды эске алып, теңчиликтин, достуктун, ишенүүчүлүктүн жана өз ара урматтоонун алкагында өздөрүнүн мамилелерин өркүндөтүүгө умтулушат.

**2.** Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык туруктуу жана узак мөөнөттүн негизинде кызматташууну жүзөгө ашырышууга жана бул үчүн тиешелүү уюштуруучулук, экономикалык, укуктук жана башка зарыл шарттарды жаратууга.

**3.** Тараптар өздөрүнүн компетенциясынын чегинде, аймактардын табигый-климаттык, экономикалык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, эки тарапка тең пайдалуу кызматташууну кеңейтишип, биргелешкен долбоорлорду ишке ашырышат.

**4.** Кызматташтыкты өркүндөтүү иштеринде Ош шаарынын мэриясынын жана Ош мамлекеттик университетинин структуралык бөлүмдөрү жана Ош шаарынын жашоочулары катышууга укуктуу.

**5.** Тараптар өз укуктарынын чегинде төмөнкү чөйрөлөрдө кызматташтыкты өнүктүрүшөт:

- социалдык тармактагы долбоорлорду ишке ашыруудагы кызматташтык;
- маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен бөлүшүү;
- санариптик инфратүзүмдөрдү пайдаланууда маалыматтар менен бөлүшүү;
- тажрыйбалуу кадрларды жөнөтүү менен жаңы долбоорлорду ишке ашырууга көмөктөшүү жана кадрларды даярдоо боюнча тажрыйба алмашуу.

**6**. Тараптар өздөрүнүн компетенциясынын чегинде:

- мекемелер аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана ар тараптуу тажрыйба алмашууга;
- биргелешкен долбоорлорду жана ар түрдүү уюмдардын ортосундагы кызматташууну ишке ашырууга аракеттенишет.

**7.** Тараптар, ушул меморандумда каралган кызматташуунун ар бир багыты боюнча зарылчылыкка жараша кызматташуудагы тартипти жана шарттарды сактоо менен башка келишимдерди түзө алышат. Кызматташуунун формалары жана биргелешкен долбоорлор, ошондой эле алардын каржы булактары алдын ала макулдашылат.

**8.** Ушул меморандум кол койгон күндөн баштап күчүнө кирет жана мөөнөтү көрсөтүлбөгөн тартипте түзүлөт.

**9.** Ушул меморандумдун күчүнүн токтотулушу, меморандумдун күчүндө турган мезгилинде башталган долбоорлордун ишке ашырылуусуна таасир этпейт.

Келишим 2021-жылдын «25» сентябрь Ош шаарында эки нускада мамлекеттик тилде түзүлдү.

| | |
|---|---|
| **Ош шаарынын мэриясынан** | **Ош мамлекеттик университетинен** |
| ____________________ | ____________________ |
| **Мэр: А. Мамбетов** | **Ректор: К. Кожобеков** |